**УДК: 308(574)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-344-348**

**Джоошбекова А.Р.**
тарых илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
rysbaevna1@mail.ru
**Ишенбек уулу Т.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК КАЗАКТАРДЫН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА АЛАРДЫН ЖАЙГАШЫШЫ

**Аннотация:** Кыргыздар менен казактар түрк тилдүү элдердин ичинен жүргүзгөн чарбасы, тили, материалдык жана руханий маданияты, ээлеген жери жана дини боюнча бири-бирине эң жакын этностор болуп саналат. Ошондуктан алар миндеген жылдар бою бири-бири менен кошуна, өйүз-бүйүз жанаша жана аралаш жашап келишкен. Кыз алышып, кыз беришип, куда-сөөк болушуп жакындашкандары абдан көп болгон. Мындан сырткары кыргыздар менен казактар саясий жана чарбалык карым-катнаштарда болушкан. Жалпы элдин арасында бири-биринин малдарын чаап кеткен мезгилдер да кездешкен.

**Негизги сөздөр:** кыргыздар, казактар, этнос, карым-катыш, жайгашуу, социалдык жана чарбалык турмуш, маданият, урук, уруу, аймак.

**Джоошбекова А.Р.**
доктор исторических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
rysbaevna1@mail.ru
**Ишенбек уулу Тынчтык**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ВОЗНИКНОВЕНИЕ И РАССЕЛЕНИЕ ЭТНИЧЕСКИХ КАЗАХОВ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация**: Кыргызы и казахи среди тюркоязычных народов являются наиболее близкими этносами по хозяйству, языку, материальной, духовной культуре, занимаемой территории и религии. Эти общие черты хозяйства и культуры возникли потому, что они жили по соседству, смешанно друг с другом на протяжении тысячелетий. Было очень много кыргызов, которые женились на казахских девушках, также много казахов выбирали себе супругу среди кыргызских девушек. Кроме того, кыргызы и казахи находились в

политических и хозяйственных отношениях. Также были времена, когда кыргызы и казахи враждовали друг с другом.

**Ключевые слова:** кыргызы, казахи, этнос, отношения, расселение, социальная и хозяйственная жизнь, культура, род, племя, территория.

**Jooshbekova A.R.**
D.I.N., professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
rysbaevna1@mail.ru
**Ichenbek uulu T.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE EMERGENCE AND SETTLEMENT OF ETHNIC KAZAKHS IN KYRGYZSTAN

**Abstract:** Kyrgyz and Kazakhs among the Turkic-speaking peoples are the closest ethnic groups to each other in terms of economy, language, material and spiritual culture, occupied territory and religion. That's why they have lived next door, side by side and mixed with each other for thousands of years. There were a lot of people who took girls, gave them girls, got engaged and got closer. In addition, Kyrgyz and Kazakhs were in political and economic relations. There were also times when people generally slapped each other's cattle.

**Keywords:** Kyrgyz, Kazakhs, ethnicity, relations, settlement, social and economic life, culture, clan, tribe, territory.

Кыргыздар менен казактар XIX кылымдын экинчи жарымында Орус империясынын курамында болгон. Алар ээлеген аймактар Жети-Суу облусунун Олуя-Ата жана Пишпек уезддеринин курамыны кирген. Анда жашаган ар түрдү этникалык калктардын ортосунда эч кандай чек ара жок болуп бири-бири менен тыгыз социалдык-чарбалык жана маданийбайланышта болушкан. Ошондуктан, казактар менен кыргыздар бири-биринин жеринде көп санда болбосо да, жашап келишкен.

Этникалык казактардын Кыргызстандын территориясында жана Кыргыз мамлекетинин курамында пайда болушун чукул, тарыхый окуя менен байланыштырууга болбойт. Казактардын Кыргызстанга келүүсү жана кыргыз эли менен чогуу жашап калышы салыштырмалуу түрдө узак мезгилдерди өз ичине камтыйт.

Тарыхый маалыматтарга таянсак, XIX кылымдын экинчи жарымында Ысык-Көл өрөөнүндөгү Ак-Суу жана Топай тоолорунун ортосунда мал чарбачылыгы менен кызмат кылган казактар көчүп жүрүшкөн [1, с.100].

Чүй өрөөнүнүн азыркы Степное (казакча Сабыр айылы) айылында жашаган этникалык казактардын алгачкылары XIX кылымдын экинчи жарымынан бери жашап келишүүдө. Бул айылдагы этникалык казактардын билдирүүлөрү боюнча, алардын көчүп келген ата-энелери, XVIII-XIX кылымдарда эле кыргыздардын солто уруусунун өкүлдөрү менен тыгыз социалдык, чарбалык байланышта болушуп, кыз алышып, кыз беришип, аш-

тойлорду чогуу өткөрүшүп келгендигин белгиленет. Бирок алардын тиричилигинде, жашоо турмушунда канчалык ынтымак болсо да бири-биринин жылкыларын чаап тургандыгына токтолушат. Степное айылындагы этникалык казактардын ата-бабалары Жамбыл облусунун Токташ жана ага жакын айылдардан (Меркеге жакын) 1860-70-жылдары Улуу жүздүн ботбай уруусунун ичинен күнтуу, коралас, бесторсук уруктары жер которушуп, азыркы жашап турган жерге көчүп келишкен. Алардын көчүп келишинин негизги себеби уруу арасында өз ара таарыныч болуп, Сабыркул деген уруу аксакалы 40 түтүн үйдү бөлүп келген. Ошондуктан бул жердеги этникалык казактарды, кээде "кырк үйдөн тараган бесторсуктардын тукумдары" же "казактардын Сабыр айылы" деп аташкан [2, с.81]. Казак урууларынын жер которуусу XIX кылым бою тыйылбаган. Уруулар арасындагы жайыт тартышы, казак бийлеринин, орус помошниктеринин калктын жерин тартып алууусу жөнөкөй казак элинин көчүшүнө, жер которусуна себеп болду. Ошол мезгилде ар бир уруу башка уруунун эсебинен өзүнө жайытты бекитип алууга умтулган. Бирок ошондой болсо да уруулук байланыштар жыл өткөн сайын акырындап жоюла баштаган [3, с. 309].

Степное айылындагы ботбай уругу дулат уруусунун курамына кирет. Дулат уруусунун кыштактары Чүй жана Талас өрөөндөрүндө көбүрөк жайгашкан. Алар Казакстандын аймагында Верныйдан, Чимкентке чейинки аймактарды ээлешкен. Чүй өзөнүнүн оң жагында XX кылымга чейин дулат уруусуна тиешелүү казактардын төрт ата-теги жайгашкан. 1917-жылдагы төңкөрүшкө чейин казактар Олуя-Ата уездинде, Чүй жана Талас өзөндөрүнүн боюнда отурукташкан. Бул аймактарга жайгашкан дулат уруусунун чарбачылыгында, турмуш-тиричилигинде сугат жер, дыйканчылык жана багбанчылык маанилүү орунду ээлеген. Жарым-жартылай көчмөн мал чарбачылыгы, түрлүү багыттагы үй кесиптери, кол өнөрчүлүк кеңири таралган [4, с. 55].

1917-жылдагы Октябрь төнкөрүшүнө чейин Степное айылы, эл арасында, өзгөчө улуу муундагы казактар менен кыргыздарда Сабыр айылы деп атаган. Кыргызстандын башка айылдарынан айырмаланып орустар менен казактар жашаган Степное айылы XIX кылымдын экинчи жарымында түптөлгөн. Аны Россия империясынын европалык бөлүгүнөн келген орустар менен украиндердин дыйкандары түзүшкөн. Уюшулган кыштакка кедейирек казактар орун алып, жайгаша баштаган. Бирок, казактардын бул кыштакка келиши ушуну менен токтолуп калган эмес. Сабыр (Степное) кыштагы казактардын чек арасынажакын жайгашып, казактардын айылдарына туташ болгон. Эл жашаган мындай пункттардатыгыз чарбалык байланыштар өкүм сүргөн. XX кылымдын 30- жылдарында Казакстанда болгон коомдук-саясий, чарбал окуялардын натыйжасында, социалдык, чарбалык жактан кыйналган казактар жакын турган Сабыр кыштагына көчүп келип турушкан [5, с.81].

Талас өрөөнүдөгү кыргыздар Казакстандын Жамбыл аймагындагы казактар менен жүздөгөн жылдар бою коңшу жашашкан. Информаторлордун берген маалыматтарына караганда алардын (кыргыздар менен казактардын) чарбасы, маданияты окшош болгондуктан куда-сөөк болушуп аралашып өмүр сүрүшкөн. Анча көп эмес Жамбылдын казактары азыркы Манас районунун кээ бир айылдарында 1916-жылга чейин эле кыргыздардын арасына келишип орун алышкан. Мисалы, Май айылына 1913-жылы этникалык казактардан ондон ашык түтүнү көчүп келишкен. Көчүп келген казактар Жамбылдын жанындагы Улуу Жүздүн оюк деген уруусунан болушкан. Аларды Найзабек, Мырзабек, Акчабай деген үч бир тууган ушул үч бир туугандан тараган этникалык казактардын тукумдары Май айылынын элинин көпчүлүк бөлүгүн түзүп калышкан [6, с.34].

XX кылымдын башында Пишпек уездинин Пригородный болуштугунда волость саны 2,5 миңге жеткен 500 дөн ашык казактардын чарбасы, үй-бүлөсү, Нарында - 4, Пишпекте - 48 казактардын үй-бүлөсү болгон [6, с. 46-47].

Этникалык казактардын кыргыз айылдарына көчүп келүү процессинин экинчи баскычы 1916-жылдагы Орто Азия жана Казахстанда жашаган жергиликтүү элдердин Россия империясына каршы улуттук-боштондук кыймылдын жүрүшүндө башталган. Көтөрүлүштүн мезгилинде падышалык аскерлердин кыргынынан кутулуу үчүн Кытайга качып бара жаткан мезгилге тура келет.

Тарыхый-этнологиялык илимий маалыматтарда белгиленгендей 1916-жылдагы көтөрүлүштө казактар кыргыздар менен бирге орус падышасынын бийлигинекаршы бирге күрөшкө чыгышкан. Чүй өрөөнүнүн чыгышында казактардын ботбай уруусунун кулуну, бий Дыйкамбай Шамшу уулу жергиликтүү кыргыз-казак көтөрүлүшүн жетектеген [7,206-207]. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштө Кыргызстандын курамына кирген. Жети-Суу аймагындагы казактардын “Ботбай көтөрүлүшү”, “Албан көтөрүлүшү” маанилүү орунду ээлеген. Мындай көтөрүлүштөргө катышкан казактардын урпактары Ысык-Көл өрөөнүнүн кыштактарында орун алышкан [4, с. 114]. Өмүрүн сактоо үчүн Кытайга качышкан казактардын анча көп эмес бөлүгү Кыргызстанын Чүй өрөөнүнүн чыгышында жайгашкан Кемин, Чон Кемин аймактарында калышкан [8, с. 69-72].

1916-жылдын август айынын аягында төрт казак болуштугу “жакында бардык казактарды атышат” деген ушакты угуп, Кытайды көздөй 3000 түтүн казак эли качышат. Сентябрдын аягында “үркүнгө”катышкан казактардын көпчүлүгү Кытай менен казактардын чек арасын ачып өткөн. Текес дарыясынын боюнда топтолушат. Топтолгондорду он беш албан уруусунан түзүлгөн казак болуштуктары, төрт кыргыз болуштугу түзөт [9, с.265]. М.Тынышбаевдин маалыматы боюнча Жети-Суу облусунун 44 болуштугунан Кытайга 40250 түтүн качып, анын ичинен 95200 адам жолдо кырылган. Коңшу Кытайга качкандардын саны 300 миң адам болгон, бир гана Жети-Суу облусундагы көчкөн калк 1917-жылы 270632 адамга кемиген.

Чүй боорундагы, Токмок шаарына жакын жайгашкан Ак-Бешим кыштагындагы этникалык казактар башка казактарга караганда Кыргызстанга эрте келишкен. Алар XVIII кылымдын аягы- XIX кылымдын башында Улуу жүздүн коңур бөрүк, кызыл бөрүк, ханлы урууларынан 10-15 түтүнү ушул жерге келип отурукташкан. Алардын келишинин негизги себеби казак урууларынын ортосундагы түшүнбөстүктүн жана наразычылыктын айынан келип чыккан.

Октябрь революциясынан кийин, кеңеш өкмөтү 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн учурунда Кытайдын Синьцзян провинциясында баш калкалаган кыргыз, казактарды кайрадан алып келүү саясатын баштаган. Кытайдагы казак, кыргыздарды кайтаруу жараяны 1918- жылдын жазынан башталып, 1922-жылга чейин созулган. Качкындардын негизги бөлүгү 1921-1922-жылдары кайтып келишкен. Синьцзянда XIX кылымдын аягынан бери жашапкелишкен казактар азыркы Казакстандын аймагына көчүрүлөт. Бирок кээ бир казак түтүндөрү 1920-жылдынаягында кайрадан куугунга учурашат. Алар Или районуна бет алып Улуу жүз казактарына кошулушат.

Азыркы учурда да казактар Кыргызстандын көп улуттуу калкын түзүп аталган аймактарда жашап жатышат. Эгемендүүлүктүн шартында Казакстан менен байланыштар абдан тыгыз жүргүзүлүүдө. Казакстанда билим алып, ал жакка көчүп кетүүгө багытталган жаштар көбөйдү. Бул маселелер дагы башка изилдөөлөрдү жүргүзүүнү талап кылат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абрамзон, С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М. Абрамзон.–Ленинград: Наука, 1971. – 404 с.
2. Айдарова, Ш.Ә. XX ғасыр басындағы Қазақстандағы аштық-балдар тағдыры [Текст] / Ш.Ә. Айдарова // Нұрпейіс окулары аясында өтетін қалыптасқан Қазакстан және ғаламдану аясындағы әлемдік тарихи үдеріс атты халықаралық ғылыми-практикалық қонф. материалдары. – Алматы:Қыздар университеті, 2013. – 85-87 б.
3. Алдажуманов, К.С.XX ғылымдын 20-30-жылдарындағы Қазақстандағы коғамдық – саяси өмір және Әбдіғапар Жанбосынов 1916 жылғы Ұлт-Азаттық қозғалыс: тарихы және қазіркізаман. [Текст] / К.С. Алдажуманов // Әбдіғапар Жанбосыновтың туганына 140 жыл толуына арналгаң халықаралық ғылым-теориялык конф. материалдары. – Алматы, 2010. – 38-41 б.
4. Алдажуманов, К.С. Қазақстандағы 1931-1933 – жылдардағы ашаршылық тарихы мәселесіне [Текст] / К.С. Алдажуманов // Нұрпейіс окулары аясында өтетін дүниежүзі тарихы: зерттеу және оқыту мәселелеріатты халықаралық ғылыми-практикалық қонф. материалдары. – Алматы, 2010. – 63-65 б.
5. Алексеенко, А.Н. Население Казахстана в 1926-1939 гг. [Текст] // Компьютер и ист. демография. – Барнаул, 2000. – С.9-27.
6. Алексеенко, Н.В. Население Казахстана за 100 лет (1897-1997гг.) [Текст] / Н.В.Алексеенко, А.Н.Алексеенко. – Устькаменогорск: Полиграфия, 1999. – 158 с.
7. Амантай Ә. Қазақстан Республикасындағы көші-кон үрдісі: жетістіктер мен кемшіліктер, алдағы мақсаттар [Текст] / Ә. Амантай // Қазақстан қоғамының дамуына қандастарымыздың қоскан үлесі. – Алматы: Атажұрт, 2012. – 37-44 б.
8. Арғынбаев, Х. Қазақ отбасы [Текст] / Х. Арғынбаев.– Алматы: Кайнар, 1996. – 228 б.
9. Арғынбаев, Х. Қазақ шежіресі хақында [Текст] / Х.Арғынбаев, М.Мұқанов. – Алматы: Атамұра, 2000. – 464 б.


**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Алымбаев Ж.Б.**